02-04

Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим беруу орто мектеби.

# Педагогикалык кеңештин токтомдору

Башталды: 2021-жыл 14.09.

Аяктады:____________________

Көчүрмө

**Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы педагогикалык кеңешинин жыйынынын**

**№1-протоколу**

**2022-жылдын 30-августу**

**Майлуу-Суу шаары**

Төрайым Ж.М.Белекова

Катчы А.А.Анарбаева

Катышкандар 39 мугалим

Катышпаганы 5 мугалим

Себептүү

Себепсиз

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Мектептин жылдык планын бекитүү
2. Жаңы окуу жылдын талабы боюнча 1-класстын окуучуларын электрондук каттоодон 10-сентябрга чейин өткөрүү
3. 1-11 класска чейин окуучулардын катышуусун текшерүү
4. Класстык журналдардын толтурулушу
5. Усулдук бирикмелердин жетекчилеринин планын бекитүү жана уюштуруу. Кыргыз тили жана адабияты декадасы.
6. 1-11-класстардагы окуучулардын өздүк делолорунун абалын кароо.
7. Тарификация түзүү боюнча
8. Окуучуларга карата ырайымсыздык мамиле кылуу, зордук зомбулуктун алдын алуу
9. Пегагогика психология боюнча доклад
10. Ар кандай маселелер

Угулду: Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы: Ысмайилова 2022-2023-окуу жылына 8 багыт боюнча план түзүп, мектепте окутууну, тарбиялоону жакшыртуу планын негизги мазмуну иш алып баруу керектигин айтып өттү

1. Мектептин маселесин аныктоо.
2. Өткөн окуу жылына анализ берүү.
3. Окутуунун жаңы технологияларын окуу тарбия ишинде колдонуу жана сапатын жогорулатуу.
4. Мугалимдердин кесиптик жактан өнүгүүсүнө шарт түзүү.
5. Мектептин материалдык базасын чыңдоо.
6. Окуучулардын кошумча билим алуусундагы мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, пиза боюнча окуучулар арасында тесттик иштерди жүргүзүү.
7. Октябрь айындагы мугалимдер арасында өтүүчү аттестацияга даярдоо иштерин алып баруу.
8. Жаңы окуу жылында сабактар ар жуманын биринчи сабагында мамлекеттик Гимн менен баштап,жуманы акыркы сабагын Гимн менен аяктоо.

2022-2023-окуу жылындагы аткарылуучу милдеттер.

1. Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жана жогорулатуу.
2. Мугалимдердин тажрыйбаларын райондук,шаардык,облустук маштабда жайылтуу жана кесиптик жактан тынымсыз өсүшүнө шарт түзүү.
3. Окуучуларды правалык маданиятка,кыргыз элинин салтарын пайдаланып,тарбия берүүгө жетишүү.
4. Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу,балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу.
5. Билим берүүнү жана тарбиялоону жакшыртуу боюнча болжолдуу стратегиялык пландаштыруу.

Мектепте окуучуну, тарбиялоону жакшыртуу планына төмөндөгү кошумча тиркемелерди тиркөө зарыл.

1. Мектептин проблемасын талкууланган жалпы чогулуштун токтому жана чечимдери.
2. Методкеңешме, педагогикалык кеңеш, методбирикмелердин директор алдындагы кеңештин,ата-энелер чогулушунун жана башка пландары болушу керек.
3. Өткөрүлгөн анкета, суро жооптордун ар кандай келишимдер, материалдардын жыйынтыктары.
4. Демөөрчүлөрдүн, жигердүү ата-энелердин, бардык жардам көрсөткөн инсандардын тизмеси.
5. Мектепте түзүлгөн, билим берүү жамааттары жөнүндө маалымат жана иштеринин планы.
6. Мектептин кичи уюмдардын планы (профсоюз уюму,мектеп парламенти ж.б)
7. Мектепте өткөрүлгөн иш чараларды тастыктоочу документтер, токтомдор, жоболор, буйруктар жыл бою тиркелип, толукталып турат.
8. МОК ( мектептин отчёттук картасы )

2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы:О.К.Ысмаилова сөз сүйлөп,окуучуларды электрондук каттоо боюнча 1-класстын мугалимдердин 10-сентябрга чейин жүргүзүүнү аяктоосу керек экендигин,ошондой эле мектеп окуучуларын каттоо боюнча ар бир мугалимге көчөлөр бөлүнүп берилип, алар өз убыгында каттоону жүргүзгөнүн, бул боюнча каттоо жыйынтыгы ОШ-1 менен ШБББнө билдирилгенин айтып өттү.

3- маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы О.К.Ысмаилова төмөнкүлөргө токтолду. Журналдар тизме менен мугалимдерге семинар өткөрүлүп, журналдардын толтурулушу боюнча түшүндүрүү иштери болуп, журналдардын беттери туура бөлүштүрүлдү. Ошону менен бирге эле программанын аткарылышы жөнүндө маалыматты толтуруу баракчасы таркатылып берилген. Журналдар өз убагында толтурулган.

4- маселе боюнча дагы окуу бөлүмүнүн башчысы О.К.Ысмаилова өзүнүн сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.

Мектепте беш усулдук бирикмеси түзүлдү, алардын иш пландары бекитилип жаңы иш пландын иш жүргүзүлүп жатат.

1. Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин жетекчиси: Р.К.Айдарова
2. Математика, информатика усулдук бирикмесинин жетекчиси:
3. Кыргыз тили жана абадияты усулдук бирикмесинин жетексичи: А.А.Анарбаева
4. Табигый илиминин усулдук бирикмесинин жетекчиси: Н.А.Калмаматова
5. Орус тили жана адабияты, чет тили усулдук бирикмесинин жетекчиси: Г.С.Осмонова аларды бекитүү жөнүндө билдирип, ошондой эле алардын иштерин жетектөөчү окуу бөлүмүнүн башчысы жана алардын милдеттерине кеңири токтолду.Сентябрь айында кыргыз тили декадасы башталып,декаданын уландысы үч айлык жүрө тургандыгын белгилеп, бардык өткөрүлгөн жумалыктын жыйынтыгы тиркелет.

Жарыш сөзгө: Акинбекова Махабат Апсаттаровна өзүнүн төмөндөгүдөй оюн билдирип өттү .

Ушул кыргыз тили декадасын үч ай өткөрүү мезгилинде мектеп окуучуларыбыздын билимин арттыруубузга өтө чоң, көп көңүл буруубуз шарт.Себеби мектептин эң көйгөйлүү маселелеринин бири бул окуучулардын сабатсыздыгы.Ошондуктан башталгыч класстан тарта, ар бир кыргыз тилчи мугалимдер сабак өткөн класстарына көбүрөөк көңүл бөлүп, так жана туура жазууну жакшыраак үйрөтсөңүөдөр.Мына ошондо кичине болсо дагы мектеп окуучуларынын билим деңгээли жогорулайт деген ойдомун кийинки жарым сөзгө мектептин соц педагог мугалими Калмаматова Нуркан сөз сүйлөдү. Ар бир ийгилик темирдей тартиптин аркасында келүүсүн бардыгыбыз билебиз, мына ошондуктан окуучулардын тартибине дагы көңүл бура кетсек. Бир гана соц мугалимдер жана тарбия бөлүм башчылары эле эмес, класс жетекчилер, предметтик мугалимдерден тарта көзөмөлгө алсак, биргеликте иштөөнүн негизинде көптөгөн ийгиликтер жаралат деген ойдомун. Окуучулар кээ бирки предметтерге катышат дагы кээ бирлерине катышпайт. Бул көйгөй жалың гана класс жетекчинин көйгөйү эмес.Ошол предметтик мугалим дагы жоопту болуусу керек.

Жарыш сөзгө тарбия бөлүмүнүн башчысы:

Г.Б.Орозова сөз сүйлөп төмөнкүлөргө токтолуп өттү. Ар бир класста класстык аптечкалар жана класстык паспорт болуусу шарт экенин эскертти. Андан сырткары мугалимдердин этаждар аралык дежурствосун өз убагында так аткаруусун айтып өттү.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Анарбаева А.А.окуучуларга карата ыраймсыздык мамилени зомбулуктуу болтурбо туралу даклад окулуп видео слайд корсотулд.

Жарыш сөзгө:соц педагог Акинбекова М.А.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №82-б Буйругу менен балдарга карата ырайымсыз мамиленин жана зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында,Кыргыз ресбупликасынын балдар жөнүндө кодексине,” Кыргыз Ресбупликасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Респубикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык,2022-

2023- жылдары Балдарга карата ырайымсыз мамиленин жана зомбулуктун алдын алуу боюнча чукул чаралардын Планы бекитилип мугалимдерге кол койдурулдуу

5- маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы О.К.Ысмаилова билдирүү жасап өттү.

Өздүк делолордо ар бир окуучунун документтери толукталсын. Ошондой эле таза жана бааларды туура түшүрүүсү жөнүндө айтылды. Эч бир өздүк делодо баа адашып жазылып, кайрадан боёп оңдолбоосу керек экендигин баса белгилеп өттү.

Мугалимдердин педагогикалык ,психология боюнча башталгыч класс мугалими Абазова Т.С.даклад окуп мугалимдерден тесттик суролорду алды.

Жогорудагы сөздөрдү угуп жана талкуулап токтом кылат.

1. 2022-2023-окуу жылынын иш планы бир добуштан бекитилсин. Ар бир мугалимге билим сапатты жогорулатуу үчүн жоопкерчилик менен билим берүү жагы милдеттендирилсин.
2. 1-11-класстарды каттоо боюнча О.К.Ысмаилованын жүргүзгөн иши канааттандырарлык деп табылсын.
3. Журналдар өз убагында толтурулгандыгы үчүн жакшы деп табылсын.
4. Усулдык бирикмелердин жетекчилери түзгөн иш пландар иш негизинде ишке киргизилсин.
5. Өздүк делолорду, класстык журналдарды толтурууда толтурулуш эрежелери сакталып, боёп жазып,оңдоолорго жол берилбесин.
6. 1-4-класстар түзүлгөн график менен тамактандырылсын.
7. Мектепте зордук зомбулукту болтурбоо мугалимдерге класс жетекчилерге, тарбия завучуна жана соц педагогторго милдеттендирилсин.
8. Ар бир жуманын 1-сабагы мамлекеттик Гимн менен башталып, окуу жуманын аягы Гимн менен аяктасын.

туура.

Төрайым:________________Ж.М.Белекова

Катчы:________________А.А.Анарбаева